# Ош Мамлекеттик Университети
# Эл аралык медицина факультетинин Окумуштуулар кеңешинин жыйынынын

# №3 ПРОТОКОЛУ

*1.12.25. Ош шаары*

Окумуштуулар кеңешинин төрагасы: *м.и.д.,проф. Калматов Р.К.*
Окумуштуулар кеңешинин катчысы: *Мурзабек кызы Асел*
Катышкандар: 22
Келбегендер: 6 *себептүү*
Чакырылгандар: *жок*

## КҮН ТАРТИБИ:

1. Студенттердин билим деңгээлине диагностикалык баалоону жана калдык билимдерин текшерүүнү уюштуруу, жыйынтыгын анализдөө жана перспективалары жөнүндө.
( Жооптуу: Базиева А.М.)
2. Эл аралык медицина факультетинин 2024-2025 – окуу жылына карата өндүрүштүк практика иштеринин жыйынтыктарына анализ, алдыдагы милдет, максаттары жөнүндө.
( Жооптуу: Абдирайимов И.С, Мурзабек к.А.)
3. Ар түрдүү маселелер

*Кыргыз Республикасынын Гимни угулду.*

**1. Студенттердин билим деңгээлине диагностикалык баалоону жана калдык билимдерин текшерүүнү уюштуруу, жыйынтыгын анализдөө жана перспективалары жөнүндө.**
**( Жооптуу: Базиева А.М.)**

**Угулду:** Окумуштуулар кеңешинин төрагасы: м.и.д.,проф. Р.К. Калматов күн тартиби менен тааныштырды жана регламент бекитилди. Биринчи маселе боюнча сөз эл аралык медицина факультетини окуу иштери боюнча декандын иииииииитөрайымы, э.и.к., доцент А. М. Базиевага берилет.

**Чыгып сүйлөгөндөр:** А. М. Базиева**:** Саламатсыздарбы урматтуу окумуштуулар кенешинин мүчөлөрү: Студенттердин калдык билимин баалоо 27-октябрдан 7-ноябрга чейин онлайн жана офлайн тест түрүндө жүргүзүлдү. Баардыгы болуп 4253 студент катышты. Суроолорду түзүүгө жана жыйынтыктарды талдоого тиешелүү кафедралар тартылды. Тест 20 суроодон туруп, туура жооптордун абсолюттук жана сапаттык көрсөткүчтөрү эсептелди. Жалпы анализ көрсөткөндөй, орточо абсолюттук көрсөткүч 90 пайыздын айланасында, сапаттык көрсөткүч орто эсеп менен 64,8 пайызды түздү. Жогорку көрсөткүчтөр анатомия, биохимия жана микробиология дисциплиналарында катталды. Орточо деңгээл факультеттик терапия жана инфекционные болезни боюнча байкалса, эң төмөн көрсөткүчтөр Public health – 21,4%, патофизиология – 0%, surgery – 43,9% жана айрым клиникалык дисциплиналарда белгиленди.
Өткөн окуу жылдарына салыштырмалуу көрсөткүчтөрдө өсүү бар: абсолюттук көрсөткүч орто эсеп менен 12 пайызга, сапаттык көрсөткүч 10 пайызга жогорулаган. Курстар боюнча талдоо жүргүзүлгөндө, 2-курста фундаменталдык дисциплиналарда жакшы өсүш байкалган, 3-курста патология боюнча сапаттык көрсөткүч жогорулаганы менен абсолюттук деңгээл төмөн бойдон калган. 4-курста хирургия жана коомдук саламаттыкты сактоо боюнча көрсөткүчтөр начар, ал эми 5-курста госпиталдык терапия жана акушердик-гинекология багыттарында жакшы динамика катталган.

Каталардын негизги себептери катары теориянын басымдуулугу, клиникалык ой жүгүртүүнүн жетишсиздиги, кейс жана практикалык тапшырмалардын аз берилиши, фундаменталдык дисциплиналар менен клиникалык предметтердин ортосундагы байланыштын алсыздыгы белгиленди. Айрым чет өлкөлүк студенттер үчүн адаптациялык методикалык колдоо да жетишсиз экендиги көрүндү.

Жалпысынан алганда, студенттердин билими канааттандыраарлык деп бааланат. Фундаменталдык дисциплиналарда туруктуу жакшы деңгээл сакталган. Клиникалык дисциплиналарда көрсөткүчтөрдү жакшыртуу үчүн аралык срездерди жылына эки жолу өткөрүү, кейс-базалык окутууну кеңейтүү, OSCE форматын күчөтүү, методикалык материалдарды жаңылоо, дисциплиналар боюнча кошумча сабактарды уюштуруу сунушталат. Клиникалык практиканы жакшыртуу жана эксперттик мониторингди үзгүлтүксүз жүргүзүү зарыл.

ОшМУнун Эл аралык медицина факультетинин 1-курс студенттеринин базалык билимин текшерүү максатында биология, англис тили жана химия предметтери боюнча 2025-жылдын 28–31-октябрында онлайн жана офлайн форматта диагностикалык мониторинг жүргүзүлдү. Мониторингге GM1 жана GM2 агымдарынан жалпы 952гө жакын студент катышты. Тесттер 20 суроодон туруп, үч жана төрт варианттуу жооптор камтылган.

Биология предмети боюнча жалпы катышкан студенттердин саны 952 болду. Сапаттык көрсөткүчтөр агымдар боюнча 27%дан 51%га чейин, абсолюттук көрсөткүчтөр 52%дан 67%га чейин өзгөргөн. GM2-1 тайпасы эң туруктуу жогорку көрсөткүчтөрдү көрсөткөн. Төмөн көрсөткүч GM2-3 агымында байкалды (27%). Өнүгүү үчүн мүмкүнчүлүк катары кошумча практикалык иштерди жана интерактивдүү сабактарды көбөйтүү зарыл. Айрым студенттер негизги түшүнүктөрдү толук өздөштүрбөгөндүктөн кошумча консультацияларды уюштуруу сунушталат.

Англис тили боюнча мониторингге 840 студент катышты. Абсолюттук көрсөткүч орточо 76,6%, сапаттык көрсөткүч 36,6% түздү. Деңгээлдик анализде студенттердин 33,69% — A1, 30,12% — A2, 20,24% — B1, 15,95% — B2 деңгээлине туура келди. Индиядан келген студенттердин басымдуу бөлүгүндө англис тилинин деңгээли төмөн болгондуктан, кошумча сабактарды, студенттик тил клубдарын жана субтитрлери бар онлайн курстарды уюштуруу зарыл.

Химия предмети боюнча 963 студент катышып, айрым агымдарда көрсөткүчтөр жогору болсо (GM1-3, GM2-3), башка агымдарда төмөн деңгээл катталды (GM1-1, GM2-2). Бул айырмачылыктар студенттердин даярдык деңгээли ар түрдүү экенин жана дифференциалдуу окутууну күчөтүү зарылдыгын көрсөтөт. Практикалык иштерди, визуалдык материалдарды жана интерактивдүү методдорду көбүрөөк колдонуу сунушталат.

Жалпы мониторинг жыйынтыктары студенттердин билимин жогорулатуу үчүн системалуу чараларды көрүүнү талап кылат. Төмөн көрсөткөн агымдар менен кошумча иш жүргүзүү, консультацияларды жана практикалык сабактарды күчөтүү, студенттик активдүүлүктү арттыруучу топтук иштерди киргизүү сунушталат. Ошондой эле тест суроолорунун мазмунун жана форматын кайра карап чыгып оптималдаштыруу, окуу материалдарын жаңылоо жана онлайн окуу курстарын иштеп чыгып ОшМУнун МООС платформасына жайгаштыруу белгиленди.

**Төрага Калматов Р.К.:** Рахмат, Алия Мансуровна. Урматтуу кесиптештер суроолор барбы?

**Муратов Ж.К. :** Public Health, Pathophysiology жана Surgery сабактардагы студенттердин жетишпестигин аныктоо үчүн кандай анализ жүргүзүлдү?

**Базиева А.М**.:Азыр анализ жасалып жатат, натыйжалары такталгандан кийин кийинки отчеттор сунушталат.

**Жогоруда берилген маалыматтардын,тыянактардын жана жарыш сөздөрдө айтылган сунуштардын негизинде Окумуштуулар Кеңеши**

**ТОКТОМ кылат:**

1. Окуу-усулдук кенешинин төрайымы, э.и.к., доцент А. М. Базиеванын “Студенттердин билим деңгээлине диагностикалык баалоону (1-курс) жана калдык билимдерин текшерүүнү

уюштуруу, жыйынтыгын анализдөө жана перспективалары “ жөнүндө маалыматы эске алынсын.

2. Кафедраларда интерактивдүү,интегративдүү окутуу ыкмаларын колдонуу боюнча методикалык семинарларды өткөрүү иштери күчөтүлсүн жана аткаруу жагы ФОМК мүчөлөрүнө,кафедра башчыларына жүктөлсүн.
3. Тайпалардагы студенттердин окуудагы маселелерин өз убагында аныктап,аларды натыйжалуу чечүү боюнча кураторлордун иши күчөтүлсүн,оэ. студенттерди тестирлөөдөн активдүү өткөрүү боюнча иш алып баруу декандын тарбия иштери боюнча орун басары Т.Пайзилдаевдин көзөмөлүнө алынсын.
4. Тестирлөө учурунда аныкталган көйгөйлөрдү эске алуу менен жумушчу программаларды жана календардык-пландык темалар кайра каралсынжана ФОМК төрайымы А.М.Базиеванын көзөмөлүнө алынсын.
5. Тайпалардын деңгээлине жараша дифференциалдуу сабактарды,сапаттык көрсөткүчү төмөн тайпалар үчүн атайын консультацияларды уюштуруу иштери жүргузулсүн.Жооптуулар: кафедра башчылары,декандын окуу иштери боюнча орун басарлары: Джумаева Л.М., Исмаилов И.Ж.,Оморова А.Н.
6. Клиникалык кафедраларга клиникалык көндүмдөрдү бекемдөө үчүн практикалык багыттагы сабактарды күчөтүү тапшырылсын.
7. Онлайн окуу курстарын иштеп чыгуусу, ОшМУнун МООС сайтына жүктөөлүүсү күчөтүлсүн.
8. Уюштуруучулук иш-чараларды жакшыртуу боюнча сунуштар иштелип чыгып, маселелер ар бир кафедра менен өз-өзүнчө талкуулансын.
9. Public Health, Pathophysiology жана Surgery сабактары боюнча төмөн көрсөткүчтөрдү жоюу максатында кошумча окуу материалдары, тематикалык консультациялар жана кейс-сабактар уюштурулсун.

**2. Эл аралык медицина факультетинин 2024-2025 – окуу жылына карата өндүрүштүк практика иштеринин жыйынтыктарына анализ, алдыдагы милдет, максаттары жөнүндө.**
**( Жооптуу: Абдирайимов И.С, Мурзабек к.А.)**

**Угулду:** Окумуштуулар кеңешинин төрагасы: м.и.д.,проф. Р.К. Калматов:
Экинчи маселе боюнча сөз эл аралык медицина факультетинин практика боюнча орун басары, Абдирайимов И.С. берилет.

**Чыгып сүйлөгөндөр:** Абдирайимов И.С.**:** Саламатсыздарбы, урматтуу окумуштуулар кенешинин мүчөлөрү. 2024-2025-окуу жылында 1-2-3-4-5-курстардын студенттери ОшМУнун Медициналык борборунда тайпалардын кураторлорунун коштоосунда медициналык кароодон өтүп, санитардык китепчелери толтурулду (АИВ, Гепатит Б-С, Флюрография).
2021-жылдын 18-ноябрында кабыл алынган Индиянын Улуттук медициналык комиссиясынын (NMCI) критерийлеринин (1-тиркеме) 2-пунктунун 3-подпунктуна ылайык *“окуу курсунун* жүктөмүнүн ар бир бөлүгү интернатура же стажировка Индиянын аймагынан тышкарыда, баштапкы медициналык квалификациясын берүүчү окууга кабыл алган чет элдик окуу жайынында толугу менен аткарылуусу шарт жана окуу жайынан тышкары окуу курсунун жүктөмүнүн эч кандай бөлүгү Индияда же башка чет өлкөдө уюштурулбашы зарыл” деген талабын эске алуу менен 2-3-курсунун студенттеринин 4-6-семестриндеги практикасы толугу менен Ош шаарындагы даарылоо мекемелеринде уюштурулду.
Ал эми студенттер үчүн практикага кетүү алдындан экзамендик суроолор даярдалып, ар бир курска таратылып берилген жана жыйынтык текшерүү үчүн атайын тестирлөө жүргүзүү 2025-2026-окуу жылынын башында студенттердин күндөлүктөрү кабыл алынып, материалдары каттоодон өткөн соң ОшМУнун Тестапп (Test App) программасы аркылуу уюштурулду.
Ар кандай себептер менен практикага чыга албай калган, которулуп-тикеленген студенттер үчүн жыл ичинде кошумча график менен окуудан тышкары практика кайрадан уюштурулат жана студенттер практикага кайра жонотулот.

Даарылоо мекемелеринин директорлору жана башкы даарыгерлердин жардамчылары келишимдин негизинде акы төлөө менен студенттердин практикасына жетекчилик кылганы үчүн түзүлгөн келишимдердин мөөнөтү бүткөнгө чейин жумушка тартылды.
2024-2025-окуу жылында Эл аралык медицина факультетинин 588 студенти (260 – 5-курс, 204 – 4-курс, 124 – 3-курс) өндүрүштүк практикасынын уюштурулушуна катышып, сурамжылоого жооп беришти. Студенттердин көпчүлүгү практикага, практиканын узактыгына, базаларына жана жетекчиликке толугу менен канааттанганын билдиришти: жалпы канааттануу 64–72% деңгээлинде, ал эми толук канааттанбаган студенттер 23–30% түздү. Студенттер практиканын окуу-методикалык камсыздандырылышын жана практика учурунда теорияны ишке ашырууну да канааттандырарлык деп баалашты.
Практиканын уюштурулушу боюнча сунуштарда негизинен окуу иштелмелерин, тапшырмалардын жана отчеттордун үлгүлөрүн эртерээк таратуу, практикалык көндүмдөрдү көбүрөөк үйрөтүү, ошондой эле айрым инфраструктуралык маселелерди тезирээк чечүү сунушталды.
Жыйынтыктап айтканда, студенттердин басымдуу бөлүгү практика жакшы уюштурулганын белгилешкен, бирок кээ бир техникалык жана методикалык жактан жакшыртууларды киргизүү керектиги белгиленди.
**Төрага Калматов Р.К.:** Урматтуу кесиптештер суроолор барбы?
**Момунова А.А.:** 3-курстагы студенттер үчүн практикалык сабактардын сааты канча,анын сиз же практика бөлүнгөн С бөлүштүрөбү?
**Абдирайимов И.С.:** 660 студент бар,1980 саат, саат бөлүштүрүү кафедра жетекчисине жүктөлгөн.

**Жогоруда берилген маалыматтардын,тыянактардын жана жарыш сөздөрдө айтылган сунуштардын негизинде Окумуштуулар Кеңеши**

**ТОКТОМ кылат:**

1. Практика жетекчилери И.С. Абдирайимов жана А. Мурзабек кызынын “Эл аралык медицина факультетинин 2024-2025 – окуу жылына карата өндүрүштүк практика иштеринин жыйынтыктарына анализ, алдыдагы милдет, максаттары “ жөнүндө маалыматы эске алынсын.
2. Студенттер үчүн практика боюнча окуу иштелмелери жана тапшырмалардын, отчеттордун үлгүлөрү ж.б. ондоп-түзөлсүн жана жаңылансын.
3. 2025-2026-окуу жылында практиканын бардык түрлөрү Кыргыз Республикасынын аймагында жайгашкан дарылоо мекемелеринде уюштурулсун.
4. Эл аралык медицина факультетинин 1–4-курсунун студенттери милдеттүү түрдө медициналык кароодон өткөрүлсүн.
5. Жогоруда көрсөтүлгөн иш-чаралардын аткарылышын камсыздоо практика жетекчилери И.С. Абдирайимов жана А. Мурзабек кызына жүктөлсүн.

**3. Ар түрдүү маселелер**

**3.1 ЭМФнын 560100 «Коомдук саламаттыкты сактоо» жана ЭОП «Нутрициология» багыттары боюнча 2025–2026-окуу жылынын биринчи курс магистранттарына төмөндө көрсөтүлгөн магистрдик** диссертациялык темаларын **жана илимий жетекчилерин бекитүү.**

560100 **«Коомдук саламаттыкты сактоо»** багыты

| № | Магистранттын аты-жөнү | Магистрдик диссертациянын темасы | | Илимий жетекчиси |
|---|---|---|---|---|
| | | Кыргыз тилинде | Орус тилинде | |
| 1 | Замирбек кызы Айзат | Кыргызстандагы жүрөк-кан тамыр ооруларынын | Экономическое бремя сердечно-сосудистых | э.и.к., доцент Базиева А.М. |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | экономикалык түйшүгү жана алдын алуу программаларынын мүмкүнчүлүктөрү | заболеваний в Кыргызстане и потенциал профилактических программ. | |
| 2 | Лю Хаовэн | Кургак учук микобактериясынын дары-дармекке туруштук берүүчү гендеринин бөлүштүрүлүшүн талдоо | Анализ распределения генов лекарственной устойчивости у Mycobacterium tuberculosis | м.и.к., Абдимомунова Б.Т. |
| 3 | СултановаТахмина Маликовна | Кыргызстанда аутистикалык спектри бузулган балдарды эрте диагностикалоо жана дарылоодогу социалдык-экономикалык тоскоолдуктар | Социально-экономические барьеры в ранней диагностике и лечениии детей с расстройствами аутистического спектра (РАС) в Кыргызстане | PhD Исаева Гулнур Рыскуловна |
| 4 | Цзи Хуэйлин | Балдарда 1-типтеги кант диабетинин пайда болуу коркунучуна үй жаныбарлары менен эрте байланышуунун таасири: эпидемиологиялык изилдөө. | Влияние раннего контакта с домашними животными на риск развития сахарного диабета 1 типа у детей: эпидемиологическое исследование. | м.и.к., Абдимомунова Б.Т. |
| 5 | Апаева Сопият Хусейновна | Кыргыз Республикасындагы "Гемотест" жеке клиникалык-диагностикалык лабораториясынын маалыматтары боюнча анемиялардын таралышы жана лабораториялык мүнөздөмөсү | Распространённость и лабораторная характеристика анемий по данным частной клинико-диагностической лаборатории «Гемотест» в Кыргызской Республике | м.и.к., доцент Джумаев Р.М. |
| 6 | Чандел Ариф Хусайин | Акыркы 20 жылдагы Кыргыз Республикасында жана Индия Республикасында жүрөк-кан тамыр ооруларынан өлүмдүн тенденциялары жана тобокелдик факторлору менен байланышы | Тенденции смертности от сердечно-сосудистых заболеваний и связь с факторами риска за последние 20 лет в Кыргыской Республике и в Республике Индия. | м.и.к., доцент Абдирасулова Ж.А. |
| 7 | Джафарулла Кхан Иршатх Ахамед | Индиядан келип окуган студенттердин арасында жугуштуу эмес оорулардын таркалуу тобокелдигине жашоо мүнөзүнүн таасири (ОшМУнун мисалында) | Влияние образа жизни на риск развития неинфекционных заболеваний среди иностранных студентов из Индии ( на примере ОшГУ) | PhD, Джумаева Л.М. |

**ЭОП "Нутрициология" багыты**

| № | Магистранттын аты-жөнү | Магистрдик диссертациянын темасы | | Илимий жетекчиси |
|---|---|---|---|---|
| | | Кыргыз тилинде | Орус тилинде | |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Аманкулова Аймээрим Алтымышовна | Ооз кондойунун нормалдуу абалын камсыздоодо туура тамактануунун концепциясы | Концепция правильного питания для нормального состояния ротовой полости | м.и.к., доцент Тажибаева Ф.Р. |
| 2 | Айтиева Айниса Камаловна | Темир жетишсиздик анемиясынын студенттердин когнитивдик функциясына тийгизген таасири | Влияние железодефицитной анемии на когнитивные функции студентов | м.и.к., доцент Салиева Р.Ш. |
| 3 | Нурдинова Самара Нурдиновна | Неврологиялык оорулары бар бейтаптарда тамактануунун альтернативдүү ыкмалары | Альтернативные подходы к питанию у пациентов с неврологическими заболеваниями | м.и.к., доцент Тажибаева Ф.Р. |
| 4 | Алымкулова Мунара Арзыкуловна | Ширин суусундуктардын коп кабыл алган жаштардын арасында уйкуга жана салмагына тийгизген таасиринин жыйынтыгы. | Влияние потребления сахаросодержащих напитков на индекс массы тела и качество сна среди молодежи: результаты перекрестного исследования. | м.и.к., доцент Салиева Р.Ш. |

**Угулду:**

Окумуштуулар кеңешинин төрагасы, м.и.д., проф. Р.К. Калматов магистранттардын илимий темаларын сунуштап, алардын мазмунуна токтолду. Ал темалардын актуалдуулугун, илимий жаңылыгын жана практикалык маанисин баса белгиледи. Андан соң магистранттардын илимий темалары кеңеш мүчөлөрүнүн талкуусуна коюлду.

**Талкуу:**

м.и.к., доценттер М.М. Бугубаева, Эсенгелди к. Айжамал жана б.и.к., доцент А.А. Момунова магистранттар сунуштаган темалардын актуалдуулугу, илимий жаңылыгы жана практикалык маанилүүлүгү жөнүндө пикир билдиришти. Алар белгилегендей, магистранттар алып жаткан изилдөөлөр тиешелүү багыттардагы илимий изилдөөлөрдүн кеңейишине жана өнүгүшүнө салым кошоору белгиленди. Ошондой эле темалардын мазмуну жана изилдөөнүн багыттары магистрдик илимий даража алуу талаптарына шайкеш экени баса көрсөтүлдү.

Жогорудагы талкуунун негизинде жана сунуш-пикирлерди эске алуу менен эл аралык медицина факультетинин Окумуштуулар кеңеши төмөнкүдөй

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. 560100 **«Коомдук саламаттыкты сактоо»** багыты боюнча магистранттардын диссертациялык темалары актуалдуу жана илимий жактан негиздүү деп табылсын жана бекитүүгө сунушталсын.

| № | Магистранттын аты-жөнү | Магистрдик диссертациянын темасы | | Илимий жетекчиси |
|---|---|---|---|---|
| | | Кыргыз тилинде | Орус тилинде | |
| 1 | Замирбек | Кыргызстандагы жүрөк-кан | Экономическое бремя | э.и.к., доцент |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | кызы Айзат | тамыр ооруларынын экономикалык түйшүгү жана алдын алуу программаларынын мүмкүнчүлүктөрү | сердечно-сосудистых заболеваний в Кыргызстане и потенциал профилактических программ. | Базиева А.М. |
| 2 | Лю Хаовэн | Кургак учук микобактериясынын дары-дармекке туруштук берүүчү гендеринин бөлүштүрүлүшүн талдоо | Анализ распределения генов лекарственной устойчивости у Mycobacterium tuberculosis | м.и.к., Абдимомунов а Б.Т. |
| 3 | СултановаТ ахмина Маликовна | Кыргызстанда аутистикалык спектри бузулган балдарды эрте диагностикалоо жана дарылоодогу социалдык-экономикалык тоскоолдуктар | Социально-экономические барьеры в ранней диагностике и лечениии детей с расстройствами аутистического спектра (РАС) в Кыргызстане | PhD Исаева Гулнур Рыскуловна |
| 4 | Цзи Хуэйлин | Балдарда 1-типтеги кант диабетинин пайда болуу коркунучуна үй жаныбарлары менен эрте байланышуунун таасири: эпидемиологиялык изилдөө. | Влияние раннего контакта с домашними животными на риск развития сахарного диабета 1 типа у детей: эпидемиологическое исследование. | м.и.к., Абдимомунов а Б.Т. |
| 5 | Апаева Сопият Хусейновна | Кыргыз Республикасындагы "Гемотест" жеке клиникалык-диагностикалык лабораториясынын маалыматтары боюнча анемиялардын таралышы жана лабораториялык мүнөздөмөсү | Распространённость и лабораторная характеристика анемий по данным частной клинико-диагностической лаборатории «Гемотест» в Кыргызской Республике | м.и.к., доцент Джумаев Р.М. |
| 6 | Чандел Ариф Хусайин | Акыркы 20 жылдагы Кыргыз Республикасында жана Индия Республикасында жүрөк-кан тамыр ооруларынан өлүмдүн тенденциялары жана тобокелдик факторлору менен байланышы | Тенденции смертности от сердечно-сосудистых заболеваний и связь с факторами риска за последние 20 лет в Кыргыской Республике и в Республике Индия. | м.и.к., доцент Абдирасулова Ж.А. |
| 7 | Джафарулла Кхан Иршатх Ахамед | Индиядан келип окуган студенттердин арасында жугуштуу эмес оорулардын таркалуу тобокелдигине жашоо мүнөзүнүн таасири (ОшМУнун мисалында) | Влияние образа жизни на риск развития неинфекционных заболеваний среди иностранных студентов из Индии ( на примере ОшГУ) | PhD, Джумаева Л.М. |

**2. ЭОП "Нутрициология" багыты** боюнча магистранттардын диссертациялык темалары актуалдуу жана илимий жактан негиздүү деп табылсын жана бекитүүгө сунушталсын.

| № | Магистранттын аты-жөнү | Магистрдик диссертациянын темасы | | Илимий жетекчиси |
|---|---|---|---|---|
| | | Кыргыз тилинде | Орус тилинде | |
| 1 | Аманкулова Аймээрим Алтымышовна | Ооз кондойунун нормалдуу абалын камсыздоодо туура тамактануунун концепциясы | Концепция правильного питания для нормального состояния ротовой полости | м.и.к., доцент Тажибаева Ф.Р. |
| 2 | Айтиева Айниса Камаловна | Темир жетишсиздик анемиясынын студенттердин когнитивдик функциясына тийгизген таасири | Влияние железодефицитной анемии на когнитивные функции студентов | м.и.к., доцент Салиева Р.Ш. |
| 3 | Нурдинова Самара Нурдиновна | Неврологиялык оорулары бар бейтаптарда тамактануунун альтернативдүү ыкмалары | Альтернативные подходы к питанию у пациентов с неврологическими заболеваниями | м.и.к., доцент Тажибаева Ф.Р. |
| 4 | Алымкулова Мунара Арзыкуловна | Ширин суусундуктардын коп кабыл алган жаштардын арасында уйкуга жана салмагына тийгизген таасиринин жыйынтыгы. | Влияние потребления сахаросодержащих напитков на индекс массы тела и качество сна среди молодежи: результаты перекрестного исследования. | м.и.к., доцент Салиева Р.Ш. |

**Төрага:** **Р.К. Калматов**

**Катчы:** **Мурзабек к А.**